**БЕКИТЕМ**
**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин ректору, филол.и.д., проф. м.а.**

**_____________ А.Т. Абдраева**

**«24» ___01_______2024- ж.**

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика жана психология институтунун башталгыч мектепте кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасынын кеңейтилген отурумунун № 4 протоколунун

**КӨЧҮРМӨСҮ**

Бишкек шаары 2023-жылдын 26-декабры

Отурумдун төрайымы: Куканова М.А., п.и.к., доценттин м.а., башталгыч мектепте кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасынын башчысы.

Отурумдун катчысы: Бактыгулова Г.Б. окутуучу.

Катышуучулар:

1. Мусаева В.И. – п.и.д., профессор (13.00.02).
2. Чыманов Ж.А. – п.и.д., профессор (13.00.02).
3. Калдыбаева А.Т. – п.и.д., профессор (13.00.01).
4. Абдраева Н.Э. – п.и.к., доцент (13.00.02).
5. Жолдошалиева Ж.Э. – п.и.к., доценттин м.а. (13.00.02).
6. Мырзадаирова Д.Ш. – п.и.к., доценттин м.а. (13.00.02).
7. Нуркулова М.Р. – п.и.к., доцент (13.00.02).
8. Омурбаева Д.К. – п.и.к., доцент (13.00.02).
9. Раимбекова М. – п.и.к., доцент (13.00.02).
10. Сатылганова Р.Т. – п.и.к., доцент (13.00.02).
11. Эралиева Ы.С. - филол.и.к., доценттин м.а.
12. Зайнидинова Г.Ш. – ага окутуучу.
13. Кочкорбаева А.К. – ага окутуучу.
14.Садыкова В.Э. – ага окутуучу
13. Бактыгулова Г.Б. – окутуучу.
14. Муратбекова Ж.М. – окутуучу.
15. Турдиева Г. – окутуучу.

## КҮН ТАРТИБИНДЕ:

1. Кафедранын изденүүчүсү Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын «Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары» темасындагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча талкуулоо.

**Жыйындын төрайымы**, п.и.к., доцентти м.а. Куканова М.А.: Урматтуу бүгүнкү отурумдун катышуучулары. Изденүүчү Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын «Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары» аталыштагы изилдөө темасы 2013 – жылдын 27 – июль айында И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Окмуштуулар кеңешинин № 20 токтому менен бекитилген. Диссертациялык иш башталгыч мектепте кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасында аткарылган.

Илимий жетекчиси – педагогика илимдеринин доктору, Ж.Баласагын атындагы КУУнин профессору Чыманов Жеңишбек Арыпович.

Изденүүчү Черикчиева Гулмира Мейманбековна 2004 – жылдан ушул мезгилге чейин И. Арабаев атындагы КМУдеги илим иштерин уюштуруу бөлүмүндө иштөө менен ага окутуучу кызматын аркалап келе жатат.

Диссертациянын негизги бөлүктөрүн тааныштыруу үчүн сөз изденүүчү Гулмира Мейманбековнага берилет.

**Изденүүчү Черикчиева Г. М.** диссертациялык изилдөөнүн негизги жыйынтыктарын баяндады.

**Жыйындын төрагасы**: Изденүүчүнүн мазмундуу баяндамасы үчүн ырахмат. Эми изденүүчүнүн илимий изилдөөсү боюнча суроолоруңуздарды берсеңиздер болот.

**Талкуулоонун жүрүшүндө изденүүчүгө төмөндөгү суроолор берилди:**

**Калдыбаева А. Т., п.и.д., профессор:** Гулмира Мейманбековна көп жылдардан бери диссертациянын үстүндө иштеп келе жатат. Макалаларын да мурдатан жазып жүргөн. Менин изденүүчүгө берилүүчү суроом бар. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы эмнеде?

**Изденүүчү Черикчиева Г. М.:** Айчүрөк Токтополотовна, суроoңузга чоң рахмат. Кыргыз тилин окутуунун методикасында алгачкы жолу кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун арттыруунун методикалык шарттары, кыргыз тилин окутууга коюлуп жаткан азыркы талаптарга ылайык иштелип чыккандыгы, анда сабактын максаттары, мазмуну, мугалимдин

ишмердүүлүгү менен компетенттүүлүгү жөнүндөгү маселелер, окутуунун жаңы парадигмаларын кыргыз тили сабагында колдонуунун методикалык негиздеринин талапка ылайык иштелип чыгышын аныктоо менен орто мектептерге барып, окуучулардын индивидуалдуулугун эске алып, алынган натыйжаларынын илимий жаңылыгы менен практикалык маанисин орто мектептеги кыргыз тилинин сабагынын натыйжалуулугун жогорлатуунун методикалык шарттарын окутуунун жаңы парадигмаларын колдоонун методикалык негизги жаңылыгы болуп саналат

**Калдыбаева А.Т., п.и.д., профессор:** Диссертациялык ишинин кээ бир жерлеринде оңдоого боло турган грамматикалык каталар бар.

**Изденүүчү Черикчиева Г.М.:** Айчүрөк Токтополотовна сизге чоң рахмат, айтылган кемчилдиктерди оңдойм.

**Мусаева В. И., п.и.д., проф. м.а.:** Гулмира Мейманбековна изилдөөнүн актуалдуулугун тастыктоодо кандай көйгөйлөр бар?

**Изденүүчү Черикчиева Г.М.:** Суроонузга чоң рахмат. Илимий темамда төмөнкүдөй көйгөйлөрдү көрсөткөм. Алар жалпы эле сабак, анын ичинде кыргыз тили сабагы жөнүндө бир катар эмгектер, сабактын үлгүлөрү иштелип чыгып, практикага сунуш кылынганы менен кыргыз тилин окутууда, сабак өтүүдө бир катар карама – каршылыктар окутуу процессинде орун алып келе жаткандыгы. Биринчиден, кыргыз тили сабагы илимий – теориялык жактан иштелип, көптөгөн тажрыйбалар топтолсо да сабакта коюлган максаттар толук ишке ашпай келген. Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорлатуунун методикалык шарттарын окутуу-үйрөтүү боюнча, кыргыз тилин окутуу процесси мезгилдин суроо-талаптарына жараша айрым өзгөрүүлөргө, толуктоолорго дуушар болуп, жакшыруу, өркүндөө багытындагы иш-аракеттер талашсыз жүрүп келген да окутууда мазмуну менен окутууда формасы олуттуу өзгөрүүлөргө ээ болбостон, негизделип, алгачкы мазмуну менен алгачкы формасын толук сактап келе жатат. Кыргыз тил илиминдеги болгон жаңы изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын кошуп, дагы татаалдаштыруу менен коштолуп келе жатат.

**Абдраева Н. Э., п.и.к., доц.:** Илимий-изилдөө ишиңизге байланыштуу канча илимий, илимий-методикалык макалаларыңыз жарык көрдү? Алардын канчасы РИНЦ статусундагы журналдарга жарыяланды?

**Изденүүчү Черикчиева Г. М.:** Рахмат, жалпысынан 11 макалам илимий журналдарга жарык көргөн. Алардын ичинен 6 макала РИНЦ журналдарына жарыяланган.

**Нуркулова М. Р., п.и.к., доцент:** Илимий изилдөөнүн натыйжаларынын тастыкталышы жана практикага киргизүү боюнча кайсы региондун мектептерине барып экспермент жасадыңыз?

**Изденүүчү Черикчиева Г. М.:** Суроонузга чоң рахмат. Бишкек шаарындагы жана Чүй райондорунда №8 У. Абдукаимов атындагы, №1 В.Ф.Марков атындагы, №2 Ж.Токторбаев атындагы, Сооронбай Дүр атындагы, Искра атындагы, Т. Каракеев атындагы мектептеринде, Аманат-Кызыл-Бирдик мекемесинде эксперименттер жүргүзүлдү.

**Жыйындын төрайымы.** Андан кийинки сөз рецензенттерге берилет.

**Мусаева В. И., п.и.д., проф. м.а.:** Диссертацияда айрым мүчүлүштүктөрдү четтетүүгө туура келет:

1) Кыргыз тилинин окуу программасындагы кайсы класстагы кандай окуу материалдарды, кантип окутуу менен кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун кантип жогорулатып, кайсыл методикалык шарттарды сунуштоо керектигин тактоо менен диссертациянын илимий-методикалык жагын күчөтүү.

2) Иштин көлөмүн, адабияттардын тизмесинин чен өлчөмүн УАКнын талаптарына ылайыктоо менен шилтемелерди киргизүү аркылуу мазмунун дагы байытуу, толуктоо.

3) Параграфтар жайылып кеткендиктен аларды иретке салуу, тилдик-грамматикалык, стилдик, техникалык каталарын түзөтүү.

Изденүүчү Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын «Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары» аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы ( кыргыз тили ) адистиги боюнча жазылган диссертациялык иши өз алдынча иштелген, толук бүткөрүлгөн иш катары, ошондой эле, сунушталган сын-пикирлерди эске алып, аларды оңдоп-түздөө менен диссертациялык кеңешке коргоого сунушталат.

**Райымбекова М. П., п.и.к., доцент:** Талкууланып жаткан эмгектин структурасы логикалык ырааттуулукта туура түзүлгөн. Диссертацияда берилген илимий жоболор, жыйынтыктар жана сунуштар жалпыланган. Илимий-изилдөөнүн теориялык жоболору эмгекте, негизинен жеткиликтүү чыгарылган. Ошентип, диссертациянын негизги мазмуну кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун арттыруунун методикалык шарттарын өркүндөтүү проблемасына арналган: азыркы талаптарга ылайык сабактын максаттарын аныктоо, мугалимдердин маданий компетенттүүлүктөрүн жакшыртуу, кыргыз тили сабагына коюлуучу 4 максат, интеграцияланган сабак, билим берүүнүн парадигмаларын сабакта колдоно билүү ж.б.

Эмгек боюнча айрым бир, өтө маанилүү эмес кемчиликтерин айтууну туура деп эсептейбиз:

1. Айрым главалардын беттери мазмундагы беттер менен дал келбей калган.

2. Техникалык мүчүлүштүктөр, стилдик,орфографиялыык, пунктуациялык каталарды жолуктурууга болот.

Жыйынтыктап айтканда, изденүүчү Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын «Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары» аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча жазылган диссертациялык ишин диссертациялык Кеңеште алдын коргоого сунуштайм.

**Сатылганова Р.Т., п.и.к., доцент:** Диссертацияда автор дидактикалык принциптерди, талаптарды коё алган. Тилдин өзгөчө жашоо маалыматтары толук жана жакшы берилген. Ошону менен бирге тилдин аткарган конкреттүү функциялары жарык көргөн. Сабакка коюлган негизги компонентерди автор жыйынтыктап, бир нече пункт менен берген. Диссертацияда өзгөчө моделдер коюлган жана бир нече таблицалар берилген. Мисалы баарлашуу көрүнүктүү орунду ээлеген.

Кыргыз тилин берүүдө методикалык жакшыртуунун негизги шарттары таблица менен жарык көргөн.

Дидактикалык принциптерди кыргыз тил сабагында колдонууну ылайыктуу жол менен көрсөткөн. Илимий изилдөө методдору эксперменттин жыйынтыгында таблица менен көрсөтүлгөн. Сабактын формасын өзгөртүү боюнча автор классификацияны иштеп чыккан.

Эң эле керектүү иш кагаздарынын үлгүсүн берүүгө тырышкан. Ошондой эле интеграциялык сабактарды бир нече деңгээлге бөлүп чыгып практикалык сунуштарга киргизген.

Илимий-изилдөө ишинде методологиялык негиздерине, теориялык концепцияларына терең токтолгон. Мага абдан жакты. Педагогдордун эмгектери талдоого алынган. Окурмандык кызыгуулар проблемасынын изилдениш тарыхына толук токтолгон. Илимий-изилдөө ишинде автордун аракети жакшы. Окуучулардын ишмердүүлүгүнүн калыптандыруу деңгээлдеринин таблицасы мыкты иштелген.

Илимий-изилдөө ишинде методологиялык негиздерине, теориялык концепцияларына терең токтолгон.

Кыргыз тили сабагында интерактивдүү методдорду колдонуунун натыйжалуулугу бөлүмүнө дагы бир нече сабактардын үлгү-иштелмелерин сунуштоо менен кененирээк токтолсо жакшы болмок. Автор бир топ жыл мурун, менин кафедрамда иштеген, илимий иштерде активдүү ишмердүүлүктөрдү көрсөткөн. Илимий-изилдөө ишинде методологиялык негиздерине, теориялык концепцияларына терең токтолгон.

Жогоруда айтылган сын пикирлерди оңдосо болот. Гулмира Мейманбековнанын ишин колдойм.

**Изденүүчү Черикчиева Г.М.:** Диссертациялык ишимди кылдаттык менен карап чыгып, баалуу сунуштарды, сын-пикирлерди айтканыңыздар үчүн чоң рахмат. Айтылган сунуштарды эске алып, оңдоп чыгам.

**Жыйындын төрайымы**. Дагы кимде кандай суроолор бар? Эгерде суроо жок болсо, анда диссертацияны талкуулоого. Биринчи сөз илимий жетекчиге, педагогика илимдеринин доктору, профессор Чыманов Жеңишбек Арыповичке берилет.

**Чыманов Ж. А., п.и.д., профессор:** Бүгүн мен үчүн жана менин аспирантым үчүн абдан жоопкерчиликтүү күн болуп жатат. Сиздерге илимий иш жөнүндө айтаардан мурда, Гулмира жөнүндө бир аз токтоло кетейин. Гулмира абдан эмгекчил жана чыгармачыл кыздардын бири. Ар бир кылган ишин так жана жоопкерчилик менен аткарат. Изилдөө ишин жазып жатканда төмөнкү аталган мектептерге барып, экспериментти жүргүзүүнүн зарылдыгын баса белгилеген. Экспермент жүргүзүүдө өзүнүн чеберчилигин көргөздү. Башка жоопкерчиликтүү иштери көптүгүнө карабай, өзүнүн максатына умтулуусу, ишине тыкандыгы менен айырмаланып турат.

Алынган натыйжаларынын илимий жаңылыгы менен практикалык мааниси изденүүчүнүн орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары, окутуунун жаңы парадигмаларын колдонуунун методикалык негиздери, мугаоимдин ишмердүүлүгү менен компетенттүүлүгү жөнүндөгү маселелери азыркы талаптарга ылайык иштелип чыккан.

Илимий жетекчи катары изилдөөчү жакшы бир илимий эмгек жаратат деп эсептеймин. Илимий изилдөөнү жазып жатканда кемчилдиктер болбой койбойт, бирок бүгүнкү талкууда айтылган сунуштарды сөзсүз оңдойбуз, алар биз үчүн маанилүү. Жалпысынан айтканда, мен бул диссертацияны коргоого сунуштайм жана сиздерди колдоп берүүңүздөрдү суранам. Изденүүчү 13.00.02 - педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн татыктуу.

**Жыйындын төрайымы.** Баарыңыздарга ишти абдан көңүл коюу менен окуп, терең талдап бергениңиздер үчүн жыйынтыктоочу сөздү кайрадан диссертантка беребиз.

**Изденүүчү Черикчиева Г. М.:** Урматтуу кесиптештер, диссертациялык ишиме баалуу сунуштарды, сын- пикирлерди айтканыңыздар үчүн чоң рахмат. Айтылган сунуштарды эске алабыз.

**Жыйындын төрайымы:** Диссертациялык иштин бүтүмү берилет.

**Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын** «Орто мектептеги кыргыз

тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары» темасындагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча

**БҮТҮМ:**

1. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**. Кыргыз тилин эне тили катары өзүнчө предмет болуп окутулушунун тарыхы бир кылымдан ашты. Кыргыз тилин окутуу октябрь революциясына чейин башталып (И. Арабаев, Х. Сарсекеев. "Алиппе жаки төтө окуу" китеби, 1911-жыл), Совет мезгилинде жүргүзүлүп, эгемендикке ээ болгондон кийин да улантылып келет.

Окутуу-үйрөтүү боюнча жүз жылдан ашык тарыхы бар кыргыз тилин окутуу процесси мезгилдин суроо-талаптарына жараша айрым өзгөрүүлөргө, толуктоолорго дуушар болуп, жакшыруу, өркүндөө багытындагы иш-аракеттер талашсыз жүрүп келет да окутууда мазмуну менен окутууда формасы олуттуу өзгөрүүлөргө ээ болбостон, негизделип, алгачкы мазмуну менен алгачкы формасын толук сактап келе жатат. Кыргыз тилин окутуунун мазмуну (эмнени окутуу керек?), негизинен өткөн кылымдын 20-30-жылдарын тагыраак анча өзгөчөлөнбөй (праграмматикалык-материалдардан басымдуу болушу), кыргыз тил илиминдеги болгон жаңы изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын кошуп, дагы татаалдаштыруу менен коштолуп келе жатат.

Ал эми кыргыз тилин окутуунун негизги формасы катары класстык-сабак билим берүүнүн бардык баскычтарында колдонулуп келет. Соңку маалыматтарга караганда окутуу жана тарбиялоо процесстерин уюштуруунун 98% сабак формасында өтүлөт. Билим берүүнү уюштуруудагы сабактын башкы, жаңы формаларын табууга болгон аракеттер дайыма жана тынбай жүргүзүлүп келе жатканына карабастан, окутуунун алда канча алгылыктуу жана натыйжалуу формаларын табуунун келечеги жок деп аныктоого болот.

Окутуунун сабак формасы негизделип, практикада колдонула баштагандан бери ал жөнүндө жүздөгөн методикалык эмгектер, ошондой эле практикалык иш-аракеттердин үлгүлөрү, иштелмелери иштелип, сунушталып келет, мындай аракеттер азыркы учурда активдүү жүргүзүлүүдө.

Сабак жөнүндө орус педагог-окумуштуулары XIX, XX жана XXI кылымдарда (К. В. Ельницкий, В.П. Шереметовский, П. О. Афанасьев, Н. К. Кульман, К. А. Москаленко, Л. Я. Леркер, И. Н. Скаткин, А.В. Текучев, Ю.Б.Зотов, М.М.Махмутов, Б.Т.Панов, В.А.Онищук, Е.Н.Пассов ж.б.) өз изилдөөлөрүн арнап, ондогон методикалык эмгектерди жазышкан. Жалпы

эле сабактын, анын ичинде кыргыз тили сабагынын теориялык жана практикалык маселелери боюнча да эмгектер жазылып, алар сабактын натыйжалуулугун арттырууга кызмат кылып келет. Атап айтсак С. Нааматов, К.К. Сартбаев, С. Үсөналиев, И.Бекбоев, Э. Мамбетакунов, Б. Исанов, Б. Өмүралиев, А. Осмонкулов, С. Байгушев, А. Алымбеков, А.Муратов, Ж.Чыманов, С.Рысбаев, К.Добаев, К Эсеналиева, А. Бектурова ж.б. эмгектери азыркы учурда да пайдаланылып келет. Эгемендүүлүккө ээ болгондон бери кыргыз тили жана кыргыз адабияты боюнча сабактардын иштелмелери, план-конспектилер, ж.б. боюнча атайын жыйнактар чыгарыла баштады. Алар сабактын натыйжалуулугун жогорулатууга карата өз кызматтарын аткарып келет.

Жалпы эле сабак, анын ичинде, кыргыз тили сабагы жөнүндө бир катар эмгектер, сабактын үлгүлөрү иштелип чыгып, практикага сунуш кылынганы менен кыргыз тилин окутууда, сабак өтүүдө бир катар **карама-каршылыктар** окутуу процессинде орун алып келе жатат. Алардын негизгилери мына булар: биринчиден, кыргыз тили сабагы илимий-теориялык жактан кыйла иштелип, көптөгөн тажрыйбалар топтолсо да сабакта коюлган максаттар толук ишке ашпай, кыргыз тили сабагы мектептеги предметтердин ичинен кызыктуу сабактардын катарында калып келет, экинчиден, кыргыз тилин окутуунун методикасы илимий азыркы суроо-талаптарга жооп бергендей ондогон эмгектерди жаратса да, кыргыз тили боюнча өтүлүүчү сабак өзүнчө изилдөөнүн, диссертациялык иштин темасы катары иштелбей келет, үчүнчүдөн, мектептер, кыргыз тили жана адабияты кабинеттери азыркы жабдыктар, керектүү каражаттар менен жабдылып, кыргыз тили боюнча сабакты уюштуруп, өткөрүүгө кыйла жакшы шарттар түзүлгөндүгүнө карабастан, кыргыз тил сабагынын натыйжалары али да төмөн бойдон калып келет ж.б.

Аныкталган ж.б. карама-каршылыктарды жоюу жана ал аркылуу кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун арттыруунун шарттарын жана ык-жолдорун аныктоо ишибиздин **актуалдуулугун** айкындап, көрсөттү.

Проблеманын мындайча коюлушу изилдөөбүздүн темасын: “Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары,”- деп аныктоо шарт түздү.

Диссертациянын темасынын илимий мекемелердин жүргүзгөн илимий-изилдөө программалары, иштери менен болгон байланышы: Диссертациялык изилдөөнүн темасы И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Педагогика жана психология институтунун башталгыч мектепте кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасынын илимий-изилдөө иштери менен байланышкан.

**2. Изилдөөнүн максаты**: орто мектепте кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттарын аныктоо менен аны практикада колдонуунун ык-жолдорун иштеп чыгуу, педагогикалык эксперименттик текшерүүлөрдөн өткөрүү менен практикада колдонууга сунуш кылуу.

**3. Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Темага байланыштуу педагогикалык-методикалык, практикалык-колдонмолорду адабияттарды окуп-үйрөнүү, жалпылаштыруу, кыргыз тили сабагынын азыркы практикадагы абалын аныктоо.

2. Кыргыз тили сабагына коюлуп жаткан азыркы дидактикалык талаптарды аныктоо, аларды аткаруунун теориялык жана практикалык маселелерин чечүүнүн жолдорун сунуштоо.

3. Азыркы кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттарын аныктап, аларды сабак программасында пайдалануунун ык-жолдорун, каражаттарын көрсөтүп, колдонууга сунуш кылуу.

4. Иштелип чыккан методикалык ой-сунуштардын алгылыктуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерип, практикада сунуш кылуу.

**4. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** кыргыз тилин окутуунун методикасында алгачкы жолу кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун арттыруунун методикалык шарттары, кыргыз тилин окутууга коюлуп жаткан азыркы талаптарга ылайык иштелип чыккандыгы, анда сабактын максаттары, мазмуну, мугалимдин ишмердүүлүгү менен компетенттүүлүгү жөнүндөгү маселелер, окутуунун жаңы парадегмаларын кыргыз тили сабагында колдонуунун методикалык негиздеринин талапка ылайык иштелип чыгышы ж.б. аныкталат.

**5. Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык мааниси:** Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар, конкреттүү ой-сунуштар, берилген үлгүлөр кыргыз тили мугалимдерине сабакты даярдоого, план түзүүгө, уюштурууга жана сабакты өткөрүүгө даяр теориялык жана практикалык маалыматтарды бере алгандыгы “Кыргыз тилин окутуунун методикасы” курсунда сабак боюнча мазмунун байытууга кызмат кылгандыгы, кыргыз тили сабагын азыркы талапка ылайык жүргүзүүгө керектүү материалдарды бере алгандыгы менен түшүндүрүлөт:

**6. Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. Азыркы учурдагы окуучулардын укуктарынын өзгөчө корголушу, алардын билим алууга, кыргыз тилин окууга болгон кызыкчылыктарынын төмөндөшү ж.б. жүйөлөр кыргыз тили мугалимдерине окуучулардын ар бирин, ар бир класстын өзгөчөлүгүн эске алып, инсанга багыттап окутуунун

талаптарына артыкчылыктуу маани берүүлөрү зарыл экендигин тастыктап турат. Тагыраак айтканда, "Окуучулардын өзгөчөлүктөрүн ыраттуу түрдө окуп үйрөнмөйүнчө окутуунун жана тарбиялоонун оптималдуу вариантын тандап алуу мүмкүн эмес" (И. Бекбоев, А. Алымбеков) экендигин эске алуу кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун негизги дидактикалык-методикалык шарты болоорун толук таануу.

2. Кыргыз тили боюнча өтүлүүчү ар бир сабактын максаты өтүлүүчү темага ылайык тандалып, ошого ылайык окутуунун ык-жолдору жана каражаттары тандалып алынат. Тандалып алынган ык-жолдор өзгөрүүсүз, милдеттүү түрдө сабак процессинде толугу менен, ошол турушунда колдонулушу шарт эмес. Сабак процессинде жүрүшү, андагы түзүлгөн жагдай, шарт, кырдаалдарга жараша өзгөрүүлөр болушу мүмкүн. Анткени сабактын натыйжалуулугун алдын-ала пландаган ык-жолдор гана эмес, сабактагы ыңгайга жараша колдонулган башка ык-жолдор, каражаттар да жогорулатууга кызмат кыла алат.

3. Кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун арттырууга өбөлгө болуучу методикалык шарттар боюнча иштелип чыккан дидактикалык шарт-талаптар, методикалык аныкталган шарттары, аларды практикада колдонуу боюнча биз иштеп чыккан ой-сунуштардын, жоболордун алгылыктуу жана натыйжалуу экендигин педагогикалык-эксперименттин иш-аракеттердин жыйынтыктары тастыктады жана пайдалануу сунуш кылууга негиз болду.

**7. Изденүүчүнүн жекече салымы:** темага байланыштуу илимий-методикалык эмгектерди, практикалык иштелмелерди окуп-үйрөнүү, жалпылаштыруу, сабактын натыйжалуулугун арттыруунун методикалык негиздери, сабактын үлгүлөрү изденүүчү тарабынан өз алдынча аткарылды. Педагогикалык эксперименттин иш-аракеттер изденүүчү тарабынан же анын көрсөтмөсү боюнча ишке ашырылды. Корутундулар, практикалык сунуштар изденүүчүнүн жекече иштөөсү аркылуу аткарылды.

**Жыйындын төрайымы.** Урматтуу бүгүнкү талкуунун катышуучулары, изденүүчү Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын илимий-изилдөө ишинин актуалдуулугу, изилдөө объектиси, максаты, милдеттери так, жыйынтыкталган, өз алдынча бүткөрүлгөн иш экендигин белгилеп, сиздердин ой-пикирлерди эске алуу менен изилдөөнү диссертациялык кеңешке кабыл алууга сунуштоону колго салам.

Жогорку айтылгандардын негизинде бүтүм добушка коюлду: "Макул"- баары (15), "Каршы" - жок, "Калыс"- жок. Бүтүм бир добуштан кабыл алынды.

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика жана психология институтунун башталгыч мектепте кыргыз жана

орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасынын кеңейтилген отуруму изденүүчү Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын «Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары» боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине болгон талкуунун негизинде жыйын

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын «Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары» аттуу кандидаттык диссертациясы боюнча бүтүм бекитилсин.
2. Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын «Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары» темасындагы 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы коргоого сунуш кылынсын.

**Отурумдун төрайымы:**
**Башталгыч мектепте кыргыз жана**
**орус тилдерин окутуунун**
**технологиясы кафедрасынын башчысы,**
**п.и.к., доценттин м.а.** **Куканова М. А.**

**Отурумдун катчысы:** **Бактыгулова Г. Б.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ